УДК 802

# ЧҮЙ ТОПОНИМИЯСЫНЫН ТАРЫХЫЙ-ЛИНГВИСТИКАЛЫК ЖАКТАН ИЗИЛДЕНИШИ

***М.С.ШАМШИЕВА***
***E.mail. ksucta@elcat.kg***

*Макалада Чүй өрөөнүнүн топонимиясынын тарыхый-лингвистикалык изилдениши жана окумуштуулардын эмгектери каралды.*

*В статье рассматривается труды ученых и историко-лингвистические исследования топонимия Чуйской долины.*

*In this article is considered the works of scientists and historian-linguistic researches of the Chui valley's toponymy.*

Азыркы күнгө чейинки изилдөөлөрдөн белгилүү болгондой эле кыргыз тилиндеги топонимдердин лингвистикалык факты катарында тыбыштык табияты жана семантикалык өзгөчөлүктөрү чыгыштын чыгаан илимпозу жана тилчиси Махмуд Кашгари тарабынан терең изилденген. Улуу чыгыш таануучу Чүй топонимиясында кеңири жолугуучу кыргыз топонимдерин ички маңызын ачып берүүгө көп көнүл бурган. Анткени ал өз эмгектеринде топонимдердин ички мазмунунда элдин дүйнө таануусу жана географиялык көндүмдөрү терең катылган деген илимий жобого токтолгон /1/.

Чүй топонимиясынын илимий жактан таризделишине өткөн мезгилдин белгилүү саякатчы жана окумуштуулары: Махмуд Кашгари, Жусуп Баласагын, Н.М.Пржевальский, Н.Ф.Катанов, С.Е. Малов, В.В.Радлов жана Ч.Валиханов алгылыктуу салым кошуп, илимий багыттарды аныкташкан. Ошондой эле Чүй топонимиясынын орчундуу жоболору, биринчи кезекте, кыргыздын белгилүү окумуштуулары Б.М.Юнусалиевдин, Б.Ө.Орузбаеванын, Д.Исаевдин, С.Умурзаковдун эмгектеринде кеңири каралган.

Кийинки мезгилде кыргыз ономастикасы көптөгөн тарыхый, илимий лингвистикалык, этнографиялык жана кала берсе саясий маселелердин чордону болуп, коомчулукту кызыктырган илимий маселелерди ачууга активдүү катышууда. Мына ошол себептен кыргыз ономастикасы кыргыз элинин тарыхы менен биргеликте эле негизги маселелерден болуп, кыргыз тил таануу илиминде орчундуу орунду ээледи. Ошондой эле кыргыз ономастары, анын ичинде профессор Ш.Жапаров, Д.Исаев, С.Умурзаков, Д.Эшанкулов, К.К.Конкобаев сыяктуу белгилүү окумуштуулар жалпы эле кыргыз топонимиясындагы заманбап маселелердин чечилишине өз салымдарын кошушту. Кийинки мезгилде кыргыз топонимиясын изилдеген жаш окумуштуулардын катары улам барган сайын өсүүдө. Мисалы Лейлек топонимиясындагы структуралык жана типологиялык мыйзам ченемдерди изилдөө менен кыргыз элинин Орто Азия чөлкөмүндө эн байыркылардан экендигин расмий түрдө тастыктады. Ошондой эле Н.Акматов тарабынан кыргыз элинин сыймыгы болуп саналган жана кыргыз элинин тарыхында маанилүү орунду ээлеген Ысык-Көл топонимиясын бир кыйла алгылыктуу илимий иликтөөгө алынып, көптөгөн илимий багыттар аныкталды.

Белгилүү саякатчы жана окумуштуу Н.М.Пржевальский Чүй топонимиясын тикеден тике изилдөөгө багытталган илимий эмгектерди жаратпаса да, алгачкылардан болуп Чүй топонимиясына катышы бар тастыкталган материалдарды жыйнаган. Ошондой эле Н.М.Пржевальский Чүй өрөөнүнүн алгачкы топографиялык картасын түшүргөн. Албетте өз кезегинде Н.М.Пржевальский кыргыз топонимиясын изилдөө үчүн келбегендигин эстен чыгарбообуз керек. Анткени окумуштуунун алдында биринчи кезекте кыргыз жерин картага түшүрүү жана этнографиялык курамын үйрөнүү маселеси турган.

В.В.Радловдун жыйнаган этнографиялык жана лингвистикалык материалдарында Чүй топонимиясында жолугуучу жана жалпы эле түрк тилдүү элдердин ономастикасындагы кеңири жолугуучу форманттар этникалык, тарыхый өзгөчөлүк катарында берилет. Ошондой эле белгилүү түркологу Казан университетинде жарыяланган кабарларда айрым топонимдердин лексикалык маанисине токтолгон. Анын Казан университетинин жана структуралык окуунун таркалышына сиңирген эмгегин Л.В.Щерба жогору баалаган. Чүй чөлкөмүндөгү кыргыздар жашаган аймак тарыхый жактан кыргыз урууларына тиешелүү экендигин жана ал жердеги кыргыз урууларына таандык жер-суу аттарынын арбын экендигин белгилүү саякатчы жана илимпоз Чокан Валиханов өз эмгектеринде бир кыйла ишенимдүү тастыктаган.

Чүйдүн Орто Азиянын гана эмес, жалпы эле Борбордук Азиянын тарыхый-лингвистикалык топографиясынын түптөлүүсүнө негиз болгондугун өз мезгилинде Чыгыштын чыгаан ойчулдары Махмуд Кашгари, Жусуп Баласагын жана кийинчерээк Чокан Валиханов баса белгилешкен. Мындай көз карашты Кыргызстандын жана кыргыз элинин тарыхын, топонимиясын жана этнографиясын системалуу изилдөөгө алышкан XX кылымдын белгилүү тарыхчылары С.М.Абрамзон, А.Н.Бернштам, В.В. Бартольд тарыхый-археологиялык, этнографиялык жактан тастыктоого жетишкен десек жаңылышпайбыз.

Ошондой эле Чүй боорун тарыхый жана лингвистикалык жактан изилдөөдө белгилүү илимпоз, тарых илимдеринин доктору жана профессор З. Эралиев бараандуу салым кошкон. Чүйдүн тарыхый жана ареалдык мыйзам ченемдүү эволюциясы аталган окумуштуунун изилдөөсүндө чагылдырылган жана негизги жоболор аныкталган. З.Эралиев алгачкылардан болуп Махмуд Кашгаринин лингвистикалык ойлорунун калыптануусуна Чүй топонимиясынын тийгизген таасири бар экендигин белгилеп, чыгыш таануучу Жусуп Баласагындын окумуштуу-инсан катарында калыптануусунда Чүйдүн географиялык жана топографиялык өзгөчөлүгү чоң таасири бергендигин токтолгон. Жусуп Баласагындын аты-жөнү Чүй топонимиясы менен тыгыз байланышкан. Ошондой эле белгилүү окумуштуунун пикири боюнча Жусуп Баласагын Чүй топонимиясынын илимий жактан изилденишине жана расмий таризделишине биринчилерден болуп чыйыр салган/5/.

Чүй топонимиясынын Кыргызстандын гана тарыхый лингвистикалык картасын аныктоодогу ролу гана айкындалбастан, жалпы континенттин жана түрк тилдерин тарыхын аныктоодо да орду негиздүү экендигин айтып өтсөк болот. Анткени Чыгыш менен Батышты туташтырган Улуу жибек жолунун көөнөргүс эстеликтеринин бири болуп орус топонимиясынын патриархы В.А. Никоновдун сөзү менен айтканда «кандай гана граниттен болбосун бекемирээк тарыхтын издерин сактаган» топонимдер саналат. Аталган топонимдер азыркы күнгө дейре фонетикалык, грамматикалык жана семантикалык маанисин сактап калуу менен бирге илимий потенциалын жоготпостон келет /4/.

Улуу жибек жолунун багытын гана эмес ар бир фрагментин тарыхый чындык катарында негиздөөдө Чүйдүн топонимиясы тарыхый чындык катарында карала тургандыгы тануу кыйын. Анткени топонимдер аркылуу жалпы Жибек - Жолу деп аталган экономикалык магистралынын структурасын гана калыбына келтирбестен, Жибек-Жолу жөн гана багыттык мааниде эмес, жалпы чөлкөмдүн маданий-экономикалык өсүүсүнө түрткү болгон.

Улуу жибек жолунун сегменттерин бириктирүүдө топонимдер ажырагыс звено катары гана кызмат кылып тим болбостон, азыркы күндө изи калбаган тарыхый маанилүү объектилердин схемасын кайрадан калыбына келтирүүдө негиздүү планшет катарында кызмат кылат. Денотаттардын топографиялык планы гана эмес алардын фонетикалык жана семантикалык эволюциясын калыбына келтирүү бир гана түрк урууларынын тилин тарыхын үйрөнүү менен чектелбестен, жалпы адамзаттын тарыхын үйрөнүүдө олуттуу мааниге ээ. Анткени жер шарынын тарыхында “Улуу жибек жолу” деген ат менен

белгилүү болгон доор биздин планетабыздын бир бөлүгүнүн картографиялык багытын гана аныктабастан, адамзат коомунун бир социалдык-экономикалык өнүгүү формацияларынын мыйзамдуу эволюциясын да так көрсөтөт. Улуу жибек жолунун түзүлүшү жана тарыхы коомдогу соода-сатык процессине болгон зарылдык гана эмес, лингвистикалык да зарылдык экендиги менен да илимий мазмунга ээ болот.

Жалпы эле Орто Азиянын кала берсе Борбордук Азиянын тарыхын жана кеңири географиялык чөлкөмдө жердеген калктын тилинин тарыхын изилдөөдө азырынча так концепциялык жагдай, б.а. илимий бүтүмгө келүү байкалбайт. Жалпы эле Борбордук Азиянын анын ичинде Кыргызстандын тарыхында Азияны жердеген түрк урууларынын анын ичинде кыргыз урууларын келгиндер катарында мүнөздүү салтка айланган. Бирок мындай тарыхый жактан тастыкталбаган көз караштын илимий негизи жок экендигин улам барган сайын ачылган, же болбосо табылган археологиялык жана лингвистикалык бекем фактылар далилдүү. Ошондой эле жалпы адамзаттын тарыхынын деңгээлине чейин көтөрүп жана изилдеген белгилүү тарыхчылар Махмуд Кашгари, Жусуп Баласагын, С.М. Абрамзон, И. Петров, А.Н. Бернштам, В.В. Бартольд жана башкалар кыргыз урууларына таандык болгон чөлкөмдө туруктуу жашашкандыгын жана кылымдар бою өздөрүнүн тилдик-этникалык өзгөчөлүктөрүн сакташкандыгын эчак эле далилдешкен деп ачык айтсак болот/3/.

**Илимий булактардын тизмеси:**

1. Абрамзон С.М. Киргизы и их этногенетические и историко-культурные связи. – Фрунзе, 1990. – 479 с.
2. Андрианов Б.В. Этнос и историко-этнографические области//Ареальные исследования в языкознании и этнографии. – Ленинград, 1978. – 120 с.
3. Бартольд В.В. Избранные труды по истории кыргызов и Кыргызстана. – Б., 1996. – 608 с.
4. Никонов В.А. Вопросы топонимики Востока// Топонимика Востока. – М., 1962. – 211 с.
5. Эралиев З. Жусуп Баласагын. – Б., 2000.